Кабыл алынды:
№ 1 пед кеңешме
«30» «08» 2022 ж

Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин педагогикалык кеңешменин жобосу.

1.1. Педагогикалык кеңеш билим берүү негизги маселелерин кароочу билим берүү мекемесинин туруктуу аракеттенүүчү башкаруу органы. Педагогикалык кеңештин төрагасы болуп мектептин директору эсептелет.

1.2. Педагогикалык кеңеш өз ишмердүүлүгүндө кыргыз Республиканын «Билим Берүү жөнүндөгү» мыйзамына, билим берүү мекемеси жөнүндөгү типтүү жобого, мектептин уставына жана ушу жобо мене ниш алып барат.

1.3. Педагогикалык кеңештин чечими мектептин жамааты үчүн сунуш берүү мүнөзгө ээ. Мектептин буйругу менен бекитилген педагогикалык кеңештин чечими аткарылууга милдеттүү.

## 2. Педагогикалык кеңештин милдеттери жана иш жазуусу

2.1. Педагогикалык кеңештин негизги милдеттери:

- билим берүү маселелери боюнча мамлекеттик саясатты мектептин денгээлинде жүзөгө ашыруу;
- педагогикалык жамаатты окуу-тарбия процессин жакшыртууга багыттоо;
- педагогикалык тажрыйбаны мектеп ишмердүүлүгүнө киргизүү;
- окуучуларды кабыл алуу, көчүрүү жана бүтүрүү чечеимдерин кабыл алуу.

2.2. Педагогикалык кеңештин функциялары:

- окуу пландарын, окуу-тарбия пландарын талкулоо жана кабыл алуу;
- педагогдордун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу жана кайра дайындоо маселелерин кароо;
- мамлекеттик стандарттын негизинде окуучулардын өздөштүрүүсүн көзөмөлдөө;
- мектептин иш палнын талкулоо жана бекитүү;
- мектептин педагогикалык кызматкерлеринин маалыматын жана отчетун, окуку-тарбия, окучулардын өнүгүүсү, коопсуздугу ж.б. маселелер боюнча мектеп менен байланышып иштеген уюмдардын өкүлдөрүнүн билдирүүлөрүн угуу;
- Окуучуларды жыйынтыктоочу аттестациясына уруксаат берүү окуучуларды кийинки класска көчүрүү же ордуна калтыруу, билими тууралуу тиешелүү докуметтерди аттестат, күбөлүк, артыкчылык берүү, окуудагы ийгиликтери үчүн окуучуларды громата баракчасы менен сыйлоо чечимин кабыл алуу;
- Педагогикалык кызматкерди Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана ведомостволук сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө мектеп директорунун сунушун бекитүү;

- Кыргыз Республикасынын мыйзам жана укуктук ченемдик актыларына каршы келбеген
бөлөк иштерди жасай алат.

2.3. Ар бир педагогикалык кеңештин мүчөлөрү баардык отурумдарга активдү катышууга
жанаага жүктөлгөн тапшырмаларды өз учурунда так аткарууга милдеттүү.

## 3. Педагогикалык кеңештин отуруму жана анын кабыл алынган чечимдер

3.1. Педагогикалык кеңеш бир айдан кем эмес убакта өзүнүн отурумуна чогулушат.
Педагогикалык кеңеште анын 50% дан ашык мүчөлөрү катышса ал отурумду өткөрүүгө
укуктуу болуп эсептелет.

3.2. Педагогикалык кеңеш мектептин дайыма иш алып баруучу коллегиалдуу органы
болгондуктан мөөнөтсүз мүчөлүккө алуу.

3.3. Педагогикалык кеңеш ачык добуш менен чечимдерди кабыл алат жана токтом
аркылуу тастыкталат. Педагогикалык кеңештин чечими эгерде эгерде катыкшан көпчүлүк
мүчөлөрү добуш берсе кабыл алынды деп эсептелинет.

## 4. Педагогикалык кеңештин укуктары жана жоопкерчиликтери

4.1. Педагогикалык кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу;
- сунуштарды иштеп чыгуу жана аларды педагогикалык кеңеште кароо максатында
убактылуу чыгармачыл топтрду түзүүгө;
- өзүнүн компетенциясындагы талаш маселелелерди чечүүгө;
- зарыл болгон учурда педагогикалык кеңештин төрагасынын демилгеси менен чогулушка
ата-энелер, коомдук уюмдардын өкүлдөрү ж.б тиешелүү адамдардын катышуусуна.

## 5. Педагогикалык кеңештин ишин уюштуруу

5.1. Педагогикалык кеңеш өз мүчөлөрүнөн коомдук башталыштагы кеңештин катчысын
шайлайт.

5.2. Педагогикалык кеңеш мектептин иш планын негизинде түзүлгөн иш план менен иштейт

5.3. Педагогикалык кеңештин чогулушу мектептин планына ылайык чейрек сайын болот.

5.4. Педагогикалык кеңештин чечими катышкандардын көпчүлүктүн добушу менен кабыл
алынат. Добуштар бирдей болуп калса төраганын добушу чечүүчү мүнөзгө ээ.

5.5. Педагогикалык кеңештин чечимин аткарууну мектеп директору жана чечимде

көргөзүлгөн жоопту адам уюштурат. Аткарган иштин жыйынтыгы кийинки чогулушта билдирилет.

5.6. Педагогикалык кеңештин чечими менен мектеп директору макул болбогон учурда, ал үч күндүн ичинде жүйөөлөрдүн кайрадан карап чыгуу жана талаш маселе боюнча биротоло чечимди кабыл алуу керек.

## 6. Педагогикалык кеңештин документтери

6.1. Педагогикалык кеңештин чогулуштары протоколдонот. Анда маселенин талкулоонун жүрүшү, сунуштар жана эскертүүлөр, кабыл алынган чечимдер белгиленет. Протоколго төрага жана катчынын колу коюлат.

6.2. Окуучуларды көчүрүү жана бүтүрүү протоколдору окуучулардын тизмеси менен тариздселип мектептин буйругу менен бекитилет.

6.3. Протоколдордун номери жаңы окуу жылынан башталат.

6.4.. Педагогикалык кеңештин чогулуштарынын китеби иш кагаздар номенклатурасына кирип мектепте дайыма сакталат жана акт аркылуу өткөрүлүп берилет.

6.5. Педагогикалык кеңештин чогулуштарынын китеби ар бет боюнча номерлерин, мектеп дирекорунун колу жана печаты менен бекитилет.